**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран Нурлан Тургунбекович Алымбековдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2015-жылдын 11-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: А. О. Нарынбекова, Э. Т. Мамыров, К. С. Сооронкулова, катчы М.Э. Толобалдиевдин катышуусунда жаран Н. Т. Алымбековдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

2015-жылдын 28-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына жаран Н. Т. Алымбеков Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары - КЖК) 305-2-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таап берүүнү суранып, өтүнүч менен кайрылган.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, Кайынды айылдык кенешинин комиссиясынын 2012-жылдын 14-июлундагы

№ 1 жана 2012-жылдын 28-июлундагы № 2 протоколдору менен ачык соодалоонун натыйжасы боюнча А. Абрахмановго «Таш-Көл» эски сарайдын 0,30 га. жер участогу, М. Батыркуловго «Камыштуу булак» эски сарайдын 0,30 га.жер участогу берилип, комиссиянын төрагасы Т. Айтназаров болгон. Ал эми Кайынды айыл өкмөтүнүн башчысы М. Мызаев 2012-жылдын 24-июлундагы № 75 жана 2012-жылдын 13-декабрындагы № 89 токтомдору менен аталган жерлерди менчикке бекитип берген.

2015-жылдын 27-мартындагы Талас облусунун прокуратурасынын тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсүнүн токтому менен М. Мызаев КЖКнын 305-2 беренеси боюнча айыпкер катары тартылып, анын жактоочусу болуп Н. Алымбеков көрсөтүлгон, ал эми Талас облусунун Манас райондук прокуратурасы тарабынан Т. Айтназаровго КЖКнын 305-2-беренеси боюнча кылмыш иши козголгон.

Н. Т. Алымбековдун айтымында КЖКнын 305-2-беренеси Конституциянын 46-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө карама-каршы келет, себеби Кайынды айыл өкмөтүнүн 2012-жылдын 27-июнундагы № 75 жана ушул эле жылдын 13-декабрындагы № 89 токтомдору конуштун ордун кайрадан калыбына келтирүү максатында кабыл алынгандыктан Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жер участокторун жөнгө келтирүүчү токтомдорунун талаптарына ылайык келет.

Судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, кайрылуу боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья А. О. Нарынбекованын маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө, 18-беренесине, 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Конституциялык палата

мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп таап, укук маселелерин гана белгилейт жана чечет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары ушул Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт.

Ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 24-беренесине ылайык, Конституциялык палатада ишти кароонун негизи болуп, мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу эсептелет.

Ошол эле учурда, аталган конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 8, 9-пункттарына ылыйык, кайрылууда конкреттүү, бул конституциялык Мыйзамда каралган кайрылууну кароо негиздери; кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көзкарашы жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме жасоо менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш.

Кайрылуучу Н. Т. Алымбеков конституциялуулугун талашып жаткан ченемдер боюнча укуктук негиздеме келтирген эмес жана күмөндүүлүктү туудурган ченемдердин маңызын негиздеп көрсөткөн эмес.

Демек, жаран Н. Т. Алымбековдун кайрылуусу таризи жана мазмуну боюнча конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбегендиктен конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартылууга жатат.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран Нурлан Тургунбекович Алымбековдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Нарынбекова А. О.

Мамыров Э. Т.

Сооронкулова К. С.

№ 28-о